## 3-секция. Педагогика жана психология

**УДК 37.013**

***Нусупова Р.С.***

# *Толеранттуулук маданиятындагы проблемалар.*

***Аннотация***

*Макалада бүгүнкү күндөгү толеранттуулук маданиятынын айрым проблемаларынын себептери, анын ичинде диний толеранттуулук проблемасына көңүл бурулду.*

Коомдун ар түрдүү этаптарындагы өзгөрүүлөр толеранттуулук маданиятынын калыптануусуна, өнүгүүсүнө да таасирин тийгизет. Мына ошол коомдогу өзгөрүүнүн натыйжасында бүгүнкү күндөгү толеранттуулук маданиятынын деңгээлинин төмөндөп кетиши жөнүндө сөз кылууга туура келет.

Анын себеби катары, Советтер Союзунун таркашы менен Кыргызстандын жаш эгемендүү мамлекет болуп таанылганынан кийинки мамлекет катары тандап алган өнүгүү багыттарындагы кетирилип жаткан кемчиликтер таасирин тийгизгендигин айта алабыз. Коом көптөгөн жылдар бою калыптанып калган көз караштардагы, мамилелердеги, социалдык, экономикалык, саясий багыттагы мамилелердин өзгөрүүлөрүн талап кыла баштады. Бирок эл мындай өзгөрүүнү кабыл алууга жана ал өзгөрүүлөрдү жүргүзүүгө ачык, так маалыматтын, тажрыйбанын жоктугунан, ишке ашырууга даяр эмес экендигин турмуш көрсөтүп олтурат. Натыйжада адамдардагы көптөгөн жылдардан бери калыптанган баалуулуктары басмырланып, адамдардын ички дүйнөсү жабырланып, түзүлгөн кырдаалдан чыгуу жолу жөнүндөгү билимдери, билгичтиктердин жетишсиздигинен улам мындай өзгөрүүлөрдү кабыл ала албай, конфликттердин деңгээли жогорулады. Натыйжада адамдардын жүрүм - турумунда, бири-бирине болгон мамилесинин ортосунда конфликттер жаралып, толерантсыздык күчөдү. Алардын мисалы катары, 2006-жылдагы Искрадагы дунгандар менен кыргыздардын ортосундагы, 2009-жылдагы Петровкадагы кыргыздар менен орустар жана курддардын, 2010-жылдагы Маевкадагы кыргыздар менен түрктөрдүн, 2010-жылдагы Ош, Жалал-Абаддагы июнь окуялары, 2011-жылдын декабры-2012-жылдын январындагы Лейлектеги тажиктер менен кыргыз жаштарынын ортосундагы, 2012-жылдын январындагы Сокулук районунун Жаңы-Жер айылындагы болгон улуттар аралык чыр-чатактар айрыкча жаштар арасында толерантсыз мамиленин күчөгөнүнө далил. Мына ушунун натыйжасында бүгүнкү күндө Кыргызстан ар тараптуу мамилелерди өнүктүрүү үчүн толеранттуулук маданиятын калыптандыруу багытында белгилүү, көрүнүктүү деңгээлде иштерди жүргүзүүсү зарыл.

Бүгүнкү күндө жаш Кыргыз мамлекетиндеги проблемалардын бири диний тутумдар, агымдар секталар арасындагы проблемалар. Өлкөдөгү диний багыттагы кырдаалды анализдеген кезде, калктын калың катмарынын дин аалымдарынын маалыматынын, диний багыттагы билимдин жетишсиздигинен, элдин социалдык-экономикалык жактан дуушар болгон кыйынчылыгынан пайдаланышып, айрым кызыктар тараптар, элдерге материалдык көмөк көрсөтүү менен көбүнчө жаштарды өзүнүн катарына кошуп алып жаткан фактылар менен күнүмдүк жашоодо күбө болуп жүрөбүз. Бүгүнкү күндө мына ушул сыяктуу радикалдуу максатты көздөгөн агымдар көбөйгөн учурда өлкөдөгү стабилдүүлүккө ириде коркунуч туулат жана элдеги илгертен келе жаткан баалуулуктарындагы кыйроолорго алып келүү коркунучу туулат.

Негизинен алганда Кыргызстанда союздун курамында турган кезде эки чоң диний конфессия-мусулман жана православдар болгон. Мусулман коомчулугу көп улуттуу, анын ичине 15 тен ашуун улуттар кирет: кыргыздар, өзбектер, татарлар, тажиктер, казактар, уйгурлар, дунгандар, түрктөр, азербайжандар, ингуштар, чечендер, ж.б. улуттар. Православ, христиандык динди орустар, укриндер, беларустар ж.б. тутушат.

Кыргыз Республикасынын Өкүмөтүнүн дин иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин маалыматына таянсак, бүгүнкү күндө биздин өлкөдө 1648 мечит, 41 медресе, 46 православдык чиркөөлөр, иудейлер менен буддалардын коомчулугу, 30 христиан храмдары, анын ичинен 15 храм протестанттык багытта, жалпысынан алганда өлкөдө 1800 гө жакын ислам жана 300 христиандык уюмдар иш алып барууда.

Мындан сырткары секталар менен диний агымдардын так саны бүгүнкү күнгө чейин белгисиз. Кыргызстанда сатанисттер, кришнаиттер, Мундун чиркөөсү, андан сырткары жашыруун иштеген экстремисттик багытта Хизбут-Тахрир, Өзбекстандын ислам кыймылы (ИДУ), Акромия, Ахмадия бар[1]. Мына ушул маалыматтар эле кичинекей Кыргызстандагы дин жаатындагы баш аламандыкты көрсөтөт.

Малик Кадыров өзүнүн эмгектеринде, "бүгүнкү күндө өлкөдөгү Исламдын активдешүүсү, айрыкча жаштардын арасында жайылып кетиши өзгөчө кооптонууну пайда кылат. Жаштардын ислам жөнүндөгү билиминин төмөндүгүн диний чакырыктарга жамынган айрым күчтөр бийлик үчүн күрөшкө колдонуп кетүү коркунучу бар" [2] экендигин белгилейт.

Көптөгөн балдар бүгүнкү күндө күнүмдүк турмуштун айынан мектепке барбай базарларда араба сүйрөп, күнүмдүк жашоону өткөрүп келет, натыйжада бүгүнкү күндө мамлекетибизде дагы бир көйгөй жаралууда, ал 18 жашка чейинки сабатсыз балдардын бар экендиги. Сабатсыздыктын натыйжасында түрдүү радикалдык маанайдагы диний агымдарга жаштарыбыздын көбү кирип кетип жатканын көрүп турабыз.

Көптөгөн адамдар акыркы жылдары мечиттер менен чиркөөлөргө көбүрөөк барышат. Ал эми аялдардын паранжа жамынганы, хиджабдарды кийип алганы, таң калууну деле жаратпай калган. Тарыхтагы маалыматтарга таянсак, кыргыздардын кыз келиндери эч качан бетин жаап, паранжа жамынган эмес.

Бүгүнкү күндө жаштардын арасында ар кандай диний таасирлерден улам кийген кийимдери, жүрүм-туруму жалпы коомчулук тарабынан карама-каршы пикирлерди, мамилелерди жаратып, кээде чыр-чатактар болуп жатканына күбө болобуз. Мындай көрүнүш акыркы жылдардагы айрыкча дин жаатында элдин активдешүүсүнөн жана балдарын мектепке окутуунун ордуна, медреселерден окутуунун натыйжасында пайда болуп олтурат.

Көп этникалуу жана көп диндик тутумга ээ болгон коомдо диндердин ортосундагы баарлашуу, өз ара сабырдуу мамилелерди түзө билүү, башка диндин ө□ү□□ө□ү □□□□ □ □□□ □□□үү зарыл. Өзгөчө көңүл жалпы билим берүүчү мектептерде, ЖОЖдордо, атайын кесиптик билим берүүчү мекемелерде окуучуларды салттуу диний маалыматтар менен камсыздоо, радикалдык маанайдагы диндерден айрымалап салыштырып, анализдөө □ ө□□ө□ □үү□ү□ү□, □□□□□ □□□□□ жогорулатуу, толеранттуулукка тарбиялоого өзгөчө маани берүү зарыл. Анын негизги багыттарынын бири билим берүү тармагында жаңы реформаларды киргизүү болушу керек. Билим берүү программасындагы реформа жаштар өзгөрүлүп жаткан көп конфессиалдуу коомдо жашоого даяр боло турган деңгээлде болушу керек.

***Адабияттар***

1. Кыргызстандын түштүгүндө дин чөйрөсүндөгү чыр-чатактуу факторлорго карата талдоо. Тематикалык изилдөө, Бишкек-2010-ж. "Эл аралык толеранттуулук үчүн коомдук фондунун материалдары.
2. *К. Маликов.* Роль религиозного фактора в Кыргызстане. Основные выводы и тенденции. 11.07.2007. www.centrasia.ru